Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин экспертти тарых илимдеринин доктору, профессор Джуманалиев Акылбек Джуманалевдин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча жазылган Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин кол жазмасына

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

**Сунуш кылынган** Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темадагы диссертациялык иш Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Каралып жаткан иште илимий адабияттарга жана архивдик булактардын негизинде Кадамжай районунун советтик жана көз карандысыздык мезгилдеги тарыхы комплекстүү тарыхый изилдөөгө алынган жана 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет.

Иштин максаты Кадамжай район катары жана өнөр жайынын калыптанышын жана өнүгүшүн изилдөө болуп саналат.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

Изилдөө ишинин максаты Кадамжай районунун Совет доору жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн максатын ишке ашырууда төмөнкү милдеттер коюлган:

- Проблеманын тарыхнаамасына талдоо жүргүзүү, Кадамжай район катары калыптанышын жана өнүгүшүн изилдөө;
- Сурма, сымап казып алуу тармактарынын райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын аныктоо;
- Райондун айыл чарбасы жана өнөр жайынын советтик доордо жетишкендиктерин ачып берүү;
- Эгемендүүлүк жылдарында айыл чарбасы, өнөр жайдын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
- Кадамжай районунун өнөр жайынын республикалык өндүрүш тармагындагы ээлеген ордун аныктоо;
- Өнөр жайдын, айыл чарбанын райондун социалдык-экономикалык

жана маданий өнүгүшүнө тийгизген таасирин ачып берүү.

Диссертацияда коюлган максатына жетүүдө аткарылган милдеттерге ылайык диссертациянын изилдөө проблемасына ылайык изилдөөнүн тарыхнаамалык, тарыхый булактык базасы топтолгон. Диссертациялык изилдөөнүн объексис диссертациянын максаты менен милдеттерине дал келет.

Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси – Кадамжай районун совет дооруна жана эгемендик мезгилиндеги тарыхы.

Изилдөөнүн ишинин предмети – совет мезгилиндеги Кадамжай районунун адиминстиративдик аймак катары калыптанышы, экономикалык жана социалдык-маданий инфораструктурасынын калыптануу жана өнүгүү абалы; Эгемендик мезгилдеги райондун аймагынын өнүгүү тарыхынын абалы.

Диссертациялык иштин обьектиси жана предмети 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган:**

Диссертациялык иште Кадамжай районунун совет доорундагы жана эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылдыгындагы тарыхый өнүгүүсүнө изилдөөгө алынган. Кыргыз тарыхнаамасында чөлкөм таануу проблемасында издөөчүү тарабынан көтөрүлгөн Кадамжай районунун тарыхы комлекстүү өз алдынча изилдөөнүн объектиси болгон эмес.

Изилдөө ишинин негизги проблемасы болгон Кадамжай районунун калыптануу жана өнүгүү тарыхы Кыргызстандын аймактарын изилдөө ишинде тыкат изилдөөнү талап кылган актуалдуу проблемалардан. Райондун коопсуздук, экономикалык, демографиялык маселелерди камтыган проблемасы жалпы өлкөнүн коопсуздук, экономикалык жана демографиялык проблемалары менен түздөн – түз байланышта. Өлкөнүн бүгүнкү мезгилге чейин чечиле элек чек ара маселеси, калктын демографиялык өсүүсүү, саясий, социалдык-экономикалык жана коопсуздуктан келип чыккан ички тышкы миграциялык процесстери райондун социалдык-экономикалык абалына таасир этүүдө.

Кадамжай районунун өнөр жайынын советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхын изилдөө өз убактысында аткарылган эмгек катары эсептөөгө болот. Көрсөтүлгөн жагдайлар теманын актуалдуулугун мүнөздөйт жана изденүүчүнүн дисертациясы өз алдына аткарылган иш катары баалоого болот.

**3. Илимий жыйынтыктар.**

Диссертациялык иште тарыхый процесстер логикалык жактан ырааттуу каралып, маселенин бардык структуралык тизими боюнча ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Кыргыз тарыхнаамасында Кадамжай районун калыптануу жана өнүгүү тарыхын өз алдынча комплекстүү караган илимий изилдөө катары баалого болот.

Изденүүчү тарабынан изилдөө ишинин жыйынтыгында төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылган:

***1-жыйынтык.*** Кадамжай районунун советтик жана эгемендик мезгилдериндеги тарыхы өз алдынча комплекстүү атайын изилдөө болуп эсептелет (*3-бап, 4-бап*);

***2-жыйынтык.*** Кадамжай районун советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөө багыты боюнча жазылган тарыхнаамалык эмгектерге анализ жасалып, райондун тарыхы, экономикалык жактан өнүгүүсү жана перспективалары боюнча бир катар жаңы тарыхый булактар, архивдик маалыматтар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилген (*1- бап*);

***3-жыйынтык.*** Кадамжай районунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн совет мезгилиндеги калыптануу тарыхына, экономикалык өнүгүү багыттарына – айыл чарбасынын, өнөр жайынын, ишкердиктин – тарыхый булактардын, статистикалык маалыматтардын негизинде комплекситүү изилдөөгө алынып, жыйынтыктар чыгарылган (*3-бап*);

***4-жыйынтык.*** Эгемендүүлүк мезгилдеги райондун экономикалык өнүгүү багыттары – айыл чарбасынын, өнөр жайынын, жеке жана чакан ишкердик – статистикалык маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алынып, өнүгүү перпекитваларына анализ кылынган (4-бап).

**4. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган бай тарыхый фактылар-Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусу, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви, Кыргыз Республикасынын Борбордук Коомдук-Саясий документациялар архиви, Ош облустук архиви, Ош облустук саясий документациялар архиви, Баткен облусттук архив, Кадамжай райондук архиви, Баткен облусттук жана Кадамжай райондук статистикалык комитеттеринин материалдары, талаа материалдары менен негизделген.

Диссертациянын материалдарындагы камтылган илимий жоболор, көз караштар жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын тарыхы боюнча изилдөө иштеринде, тарых жана аймак таануу багытындагы курсттарды иштеп чыгууда кеңири колдонууга сунушталат.

Кадамжай районун тарыхы боюнча илимдин бардык тармактарындагы изилдөө иштеринде, эмгектерди түзүүдө, аймактын тарыхы боюнча музейлерди, көргөзмөлөрдү уюштурууда колдонууга сунушталат.

Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**5. Автореферттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна туура келет жана диссертациянын максаты менен милдеттерине ылай изилдөө ишинин мазмуну менен жыйынтыктары авторефераттын текстинде чагылдырылган.

Диссертация менен авторефераттын жабдылышы Кыргыз Республикасынын "Илимий даражасларды берүү Жобосунун" кандидаттык диссертацияны аткаруу ишине коюлган талаптарга жооп берет.

**6. Эскертүү.**

Таиров Хайриддин Рахманалиевич диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир мүчүлүштүктөргө да жол берген.

1. Диссертациялык иште жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын өнүгүшү жетиштүү денгээлде изилденген эмес.
2. Кеңеш доорунун алгачкы жылдардагы кен өндүрүүнүн жаралышы чачкын берилип калган.

**7. Сунуштар.**

Изденүүчүгө төмөнкү сунуштар берилет:

1. Диссертациялык изилдөөнүн негизинде топтолгон айрым тарыхый, архивдик булактар тиркеме түрүдө берилсе дурус боломок.
2. Изилдөөдө стилистикалык жана граматикалык мүчүлүштүктөр кездешет.

**8. Сунуштамалар:**

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча жазылган Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин "Кадамжай районунун тарыхы" деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

1. Жетектөөчү мекме катары – Ош мамлекеттик педагогикалык институнун сунуштайбыз. Аталган окуу жайдын тарых кафедрасында 07.00.02- Ата Мекен тарыхы боюнча илимдин докторлору жана кандидаттары эмгектенишет.

2. Биринчи расмий оппонент катары – тарых илимдеринин доктору, профессор Абытов Байболот Капарович сунушталат. Т.и.д., профессор Б. К.

Абытов аймак таануу жана инженердик кандрларды даярдоо, өнөр жайынын абалы боюнча бир катар эмгектердин автору.

3. Экинчи расмий опонент катары аймак таану боюнча адистердин бири тарых илимдеринин кандидаты, доцент Рыскулов Токтобек Мамбетович сунушталат.

**9. Корутунду.**

Диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндөтпөйт. Диссертациялык иш илимий талаптарга ылайык жазылган өз алдынча изилдөө болуп саналат. Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча "Кадамжай районун тарыхы" деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пунктундагы кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарга жооп берет.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти, т.и.д., профессор А. Джуманалиев сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине 07.00.02 – Ата Мекен адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин "Кадамжай районун тарыхы" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
тарых илимдеринин доктору, прфессор Джуманалиев А. Ж.

10.06.2024-ж.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т.и.д. Карыева А. К.